И. Арабаев атындагы КМУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралды
Протокол №25
«28» 02 2025-жыл

БЕКИТЕМ
И. Арабаев атындагы КМУнун
ректору Абдраева А.Т.

«21» 02 2025-жыл

# И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин академиялык жана кесиптик чынчылдыгы боюнча ЖОБО

БИШКЕК-2025

1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (мындан ары – Университет) окутуучулар жамаатынын, администрациясынын жана студенттеринин академиялык жана кесиптик ишмердүүлүгүндө чынчылдыктын, адептүүлүктүн жана жоопкерчиликтин бирдиктүү стандарттарын жана принциптерин аныктайт.

1.2. Жобонун максаты – Университетте жогорку адеп-ахлактык чөйрөнү калыптандыруу, билим берүүнүн жана илимий изилдөөлөрдүн сапатын камсыз кылуу, бардык катышуучулардын укуктарын жана кадыр-баркын коргоо, ошондой эле Университеттин аброюн сактоо жана көтөрүү.

1.3. Бул Жобо Университет бардык студенттерине (бакалавриат, магистратура, докторантура), окутуучуларына, административдик жана башка кызматкерлерине милдеттүү түрдө колдонулат.

1.4. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Университеттин уставына жана башка ички ченемдик актыларына негизделген.

2. Чынчылдыктын негизги принциптери:

Университеттин жамааты өз ишмердүүлүгүндө төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алат:

2.1. Чынчылдык: Бардык академиялык жана кесиптик иштерде, баалоодо, баарлашууда жана маалымат алмашууда чынчыл жана ачык болуу. Маалыматты бурмалоого, жалган маалымат берүүгө жол бербөө.

2.2. Адилеттүүлүк: Бардык студенттерге, окутуучуларга жана кызматкерлерге карата калыс мамиле кылуу, бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана объективдүү баалоо.

2.3. Урматтоо: Башкалардын пикирин, идеяларын, интеллектуалдык менчигин, маданиятын, кадыр-баркын жана жеке мейкиндигин урматтоо. Дискриминациянын жана куугунтуктоонун бардык түрлөрүнө жол бербөө.

2.4. Ишеним: Университеттин жамаатынын мүчөлөрүнүн ортосунда өз ара ишенимди түзүү жана колдоо.

2.5. Жоопкерчилик: Өзүнүн иш-аракеттери, чечимдери жана алардын кесепеттери үчүн жеке жоопкерчиликти сезүү. Университеттин чынчылдык стандарттарын сактоо жана жайылтууга көмөктөшүү.

3. Студенттердин академиялык чынчылдыгы

3.1. Студенттер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Бардык окуу тапшырмаларын (сынактар, курстук иштер, рефераттар, лабораториялык иштер, дипломдук иштер ж.б.) өз алдынча жана чынчылдык менен аткаруу.

- Башка авторлордун идеяларын, тексттерин же маалыматтарын колдонгондо, аларга белгиленген тартипте шилтеме жасоо (шилтеме эрежелерин сактоо).

- Илимий изилдөөлөрдө маалыматтарды бурмалабоо жана ойдон чыгарбоо.

- Окуу процессинде алдамчылыкка жол бербөө (билим алуу процессинде, экзаменде көчүрүү, шпаргалка колдонуу, башка бирөөнүн ордуна сынакка кирүү ж.б.).

- Башка студенттердин академиялык чынчылдыкты бузуусуна көмөктөшпөө.

- Университеттин мүлкүнө жана ресурстарына аяр мамиле кылуу.

3.2. Академиялык чынчылдыктын бузулушу катары каралат:

- Билим берүү уюму тарабынан иштерди баалоо методикасы

Антиплагиат системасы: Плагиат: Башка бирөөнүн эмгегин (текст, идея, маалымат, чыгарма ж.б.) булагын көрсөтпөстөн өзүнүкү катары колдонуу.

- Алдоо: Экзамендерде, тесттерде жана башка тапшырмаларды аткарууда ар кандай адилетсиз ыкмаларды колдонуу.

- Маалыматты бурмалоо (фальсификация): Изилдөө маалыматтарын же жыйынтыктарын атайылап өзгөртүү же ойдон чыгаруу.

- Башка бирөөнүн ишин тапшыруу: Бир студенттин ордуна башка бирөө тапшырма аткаруусу же студенттин өзүнө таандык болбогон ишти тапшыруусу.

- Уруксатсыз кызматташуу: Жеке аткарылууга тийиш болгон тапшырмаларды башка студенттер менен биргеликте аткаруу (эгерде окутуучу тарабынан башкача каралбаса).

-Башка студенттердин ишине тоскоолдук кылуу.

4. Окутуучулар жамаатынын кесиптик жана академиялык чынчылдыгы

4.1. Окутуучулар жамааты төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Студенттердин билимин жана жетишкендиктерин объективдүү, калыс жана өз убагында баалоо.

- Студенттерге, кесиптештерге жана администрацияга карата урмат-сый менен мамиле кылуу, дискриминацияга жана кысымга жол бербөө.

- Өзүнүн илимий жана окутуу ишмердүүлүгүндө чынчыл болуу, плагиатка жана маалыматты бурмалоого жол бербөө.

- Студенттердин интеллектуалдык менчигин урматтоо.

- Кызыкчылыктардын кагылышуусунан алыс болуу жана пайда болгон учурда жетекчиликке билдирүү.

- Конфиденциалдуу маалыматты (студенттердин жеке маалыматтары, баалары, кызматтык маалымат ж.б.) мыйзамда жана ички эрежелерде каралган тартипте гана колдонуу жана жайылтпоо.

- Академиялык чынчылдыктын принциптерин студенттерге түшүндүрүү жана алардын сакталышына көмөктөшүү.

- Университеттин ички тартибин жана этикалык нормаларын сактоо.

- Өзүнүн кесиптик деңгээлин үзгүлтүксүз жогорулатып туруу.

4.2. Кесиптик чынчылдыктын бузулушу катары каралат:

- Студенттерди адилетсиз баалоо, фаворитизм же басым көрсөтүү.
- Плагиат, илимий маалыматтарды бурмалоо же ойдон чыгаруу.
- Окутуучулук кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу (мисалы, белек талап кылуу, жеке тапшырмаларды аткартуу ж.б.).
- Кесиптештерге же студенттерге карата сыйлабастык, кемсинтүү же куугунтуктоо.
- Конфиденциалдуу маалыматты мыйзамсыз жайылтуу.
- Кызыкчылыктардын кагылышуусун жашыруу.

5. Администрациянын жана кызматкерлердин кесиптик чынчылдыгы

5.1. Администрация жана башка кызматкерлер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Өзүнүн кызматтык милдеттерин чынчылдык, адилеттүүлүк жана жоопкерчилик менен аткаруу.
- Университеттин ресурстарын (финансылык, материалдык, адамдык) сарамжалдуу жана мыйзамдуу пайдалануу.
- Бардык студенттерге, окутуучуларга жана кызматкерлерге карата бирдей жана калыс мамиле кылуу.
- Ачык-айкын башкарууну камсыз кылуу жана чечим кабыл алууда негиздүүлүктү сактоо.
- Конфиденциалдуу маалыматты коргоо жана мыйзамсыз пайдаланууга жол бербөө.
- Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланбоо, коррупциялык көрүнүштөргө жол бербөө.
- Кызыкчылыктардын кагылышуусунан алыс болуу жана пайда болгон учурда жетекчиликке билдирүү.
- Университетте жагымдуу жана этикалык иш чөйрөсүн түзүүгө жана колдоого көмөктөшүү.
- Университеттин чынчылдык саясатын жана жоболорун ырааттуу ишке ашыруу жана сактоо.

5.2. Кесиптик чынчылдыктын бузулушу катары каралат:

- Коррупциялык иш-аракеттер (пара алуу/берүү, кызмат абалынан пайдалануу ж.б.).
- Университеттин ресурстарын мыйзамсыз же максатсыз пайдалануу.
- Кызматтык ыйгарым укуктардан аша чабуу же кыянаттык менен пайдалануу.
- Чечим кабыл алууда адилетсиздик, фаворитизм же кысым көрсөтүү.
- Конфиденциалдуу маалыматты жайылтуу же жеке кызыкчылык үчүн пайдалануу.
- Кызыкчылыктардын кагылышуусун жашыруу.
- Университеттин кызматкерлерине же студенттерине карата сыйлабастык мамиле кылуу же куугунтуктоо.

6. Чынчылдыкты бузуу учурларын кароо тартиби

6.1. Академиялык же кесиптик чынчылдыктын бузулушуна шек саналган учурлар Университеттин атайын түзүлгөн комиссиясы (мисалы, Этикалык комиссия, Академиялык чынчылдык боюнча комитет) тарабынан каралат.

6.2. Ар бир билдирүү же шектенүү купуялуулукту сактоо менен калыс жана ар тараптуу иликтенүүгө тийиш.

6.3. Иликтөө процессинде айыпталып жаткан тарапка өзүн коргоого, далилдерди келтирүүгө жана түшүндүрмө берүүгө толук мүмкүнчүлүк берилет.

6.4. Комиссиянын чечими жазуу жүзүндө, негизделген жана далилденген фактыларга таянуу менен чыгарылат.

6.5. Чечим менен макул болбогон тарап Мекеменин ички тартибинде каралган апелляцияга кайрылуу укугуна ээ.

7. Жоопкерчилик чаралары

7.1. Бул Жобонун талаптарын бузгандыгы аныкталган учурда, күнөөнүн оордугуна, кесепеттерине жана кайталануу жагдайларына жараша төмөнкүдөй жоопкерчилик чаралары колдонулушу мүмкүн:

Студенттер үчүн:

-Оозеки же жазуу жүзүндө эскертүү;

- Тапшырманын (экзамен, курстук иш ж.б.) баасын төмөндөтүү же жокко чыгаруу;

- Курсту кайра тапшыруу милдеттендирилүүсү;

- Сынактык мөөнөт белгилөө;

- Стипендиядан же башка жеңилдиктерден ажыратуу;

- Университеттен убактылуу четтетүү (академиялык өргүүсүз);

- Университеттен чыгаруу.

Окутуучулар үчүн:

- Оозеки же жазуу жүзүндө эскертүү;

- Сөгүш жарыялоо;

- Кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарына жөнөтүү;

-Белгилүү бир сабактарды окутуудан четтетүү;

- Административдик кызматтан бошотуу (эгер ээлесе);

- Эмгек келишимин бузуу (кызматтан бошотуу).

Администрация жана башка кызматкерлер үчүн:

-Оозеки же жазуу жүзүндө эскертүү;

-Сөгүш жарыялоо;

- Кызмат ордунан төмөндөтүү;

- Материалдык жоопкерчиликке тартуу (эгер зыян келтирилсе);

- Эмгек келишимин бузуу (кызматтан бошотуу).

7.2. Колдонулуучу жоопкерчилик чаралары Университеттин ички ченемдик актыларында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте аныкталат.

8. Корутунду жоболор

8.1. Бул Жобо Университеттин жетекчисинин буйругу менен бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

8.2. Университеттин бардык студенттери, окутуучулары жана кызматкерлери бул Жобо менен таанышууга жана анын талаптарын аткарууга милдеттүү. Жобонун тексти Университеттин расмий веб-сайтында жана маалымат такталарында жайгаштырылат.

8.3. Бул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Университеттин белгиленген тартибинде киргизилиши мүмкүн.

Жобо төмөнкү жумушчу топ тарабынан иштелип чыкты:

1. Зайниев Р.А.- Окуу иштери боюнча проректор:
2. Амантур уулу Эдилбек- ОБнын начальниги:
3. Дуйшебаева Г.Р.- ББПЛАЖСМЖДнин начальниги:
4. Кыдыкбаева К.С.- ББПЛАЖСМЖДнин башкы адиси:

РАССМОТРЕНО
НА УЧЕНОМ СОВЕТЕ
КГУ им И.АРАБАЕВА
«28» 02 2025г.
Протокол № 6

УТВЕРЖДАЮ
Ректор А.Т.Абдраева
КГУ им И.Арабаева
«28» 02 2025г.

# ПОЛОЖЕНИЕ
## об академической и профессиональной честности преподавательского состава, администрации и студентов КГУ им.И.Арабаева

БИШКЕК-2025

1. Общие положения

1.1. Настоящее Положение определяет единые стандарты и принципы честности, добросовестности и ответственности в академической и профессиональной деятельности преподавательского состава, администрации и студентов КГУ им.И.Арабаева (далее – Университет).

1.2. Целью Положения является формирование высокой нравственной среды в Университете, обеспечение качества образования и научных исследований, защита прав и достоинства всех участников образовательного процесса, а также сохранение и повышение репутации Университета.

1.3. Настоящее Положение является обязательным для всех студентов Университета (всех уровней обучения: бакалавриат, магистратура, докторантура и т.д.), преподавателей, административных и иных сотрудников.

1.4. Настоящее Положение основано на законодательстве Кыргызской Республики, Уставе Университета и других внутренних нормативных актах.

2. Основные принципы честности

Коллектив Университета в своей деятельности руководствуется следующими основными принципами:

2.1. Честность: Быть честным и открытым во всей академической и профессиональной деятельности, при оценке, общении и обмене информацией. Не допускать искажения информации и предоставления ложных сведений.

2.2. Справедливость: Обеспечивать беспристрастное отношение ко всем студентам, преподавателям и сотрудникам, создавать равные возможности и проводить объективное оценивание.

2.3. Уважение: Уважать мнения, идеи, интеллектуальную собственность, культуру, достоинство и личное пространство других. Не допускать любых форм дискриминации и преследования.

2.4. Доверие: Создавать и поддерживать взаимное доверие между членами коллектива Университета.

2.5. Ответственность: Осознавать личную ответственность за свои действия, решения и их последствия. Соблюдать стандарты честности Университета и способствовать их распространению.

3. Академическая честность студентов

3.1. Студенты обязаны:

-Выполнять все учебные задания (в учебном процессе, экзамены, курсовые работы, рефераты, лабораторные работы, дипломные работы и т.д.) самостоятельно и честно.

-При использовании идей, текстов или данных других авторов указывать источник в установленном порядке (соблюдать правила цитирования).

-Не искажать и не выдумывать данные в научных исследованиях.

-Не допускать обмана в учебном процессе (например, списывание на экзамене, использование шпаргалок, сдача экзамена за другого студента и т.д.).

-Не способствовать нарушению академической честности другими студентами.

- Бережно относиться к имуществу и ресурсам Университета.

3.2. Нарушениями академической честности считаются:

-Система Антиплагиата: Плагиат: Использование чужого труда (текста, идеи, данных, произведения и т.д.) как своего собственного без указания источника.

-Обман: Использование любых нечестных методов при выполнении экзаменов, тестов и других заданий.

-Фальсификация данных: Преднамеренное изменение или выдумывание данных или результатов исследований.

-Представление чужой работы: Сдача работы, выполненной другим лицом, или работы, не принадлежащей студенту.

-Несанкционированное сотрудничество: Совместное выполнение индивидуальных заданий с другими студентами (если иное не предусмотрено преподавателем).

-Создание препятствий для работы других студентов.

4. Профессиональная и академическая честность преподавательского состава

4.1. Преподавательский состав обязан:

-Оценивать знания и достижения студентов объективно, справедливо и своевременно.

-Относиться к студентам, коллегам и администрации с уважением, не допускать дискриминации и давления.

-Быть честным в своей научной и преподавательской деятельности, не допускать плагиата и фальсификации данных.

-Уважать интеллектуальную собственность студентов.

-Избегать конфликта интересов и сообщать руководству о его возникновении.

-Использовать и не разглашать конфиденциальную информацию (личные данные студентов, оценки, служебная информация и т.д.) только в порядке, предусмотренном законодательством и внутренними правилами.

-Объяснять студентам принципы академической честности и способствовать их соблюдению.

-Соблюдать внутренний распорядок и этические нормы Учреждения.

-Постоянно повышать свой профессиональный уровень.

4.2. Нарушениями профессиональной честности считаются:

-Несправедливое оценивание студентов, фаворитизм или оказание давления.

-Плагиат, фальсификация или фабрикация научных данных.

-Злоупотребление служебным положением преподавателя (например, требование подарков, принуждение к выполнению личных поручений и т.д.).

-Неуважительное отношение, унижение или преследование коллег или студентов.

-Незаконное распространение конфиденциальной информации.

-Сокрытие конфликта интересов.

5. Профессиональная честность администрации и сотрудников

5.1. Администрация и другие сотрудники обязаны:

--Выполнять свои служебные обязанности честно, справедливо и ответственно.

-Использовать ресурсы Университета (финансовые, материальные, человеческие) рационально и законно.

-Обеспечивать равное и справедливое отношение ко всем студентам, преподавателям и сотрудникам.

-Обеспечивать прозрачность управления и соблюдать обоснованность при принятии решений.

-Защищать конфиденциальную информацию и не допускать ее незаконного использования.

-Не злоупотреблять служебным положением, не допускать коррупционных проявлений.

-Избегать конфликта интересов и сообщать руководству о его возникновении.

-Способствовать созданию и поддержанию благоприятной и этичной рабочей среды в Университета.

-Последовательно реализовывать и соблюдать политику и положения Университета о честности.

5.2. Нарушениями профессиональной честности считаются:

-Коррупционные действия (получение/дача взятки, использование служебного положения и т.д.).

-Незаконное или нецелевое использование ресурсов Университета.

-Превышение или злоупотребление служебными полномочиями.

-Несправедливость, фаворитизм или оказание давления при принятии решений.

-Распространение конфиденциальной информации или использование ее в личных интересах.

- Сокрытие конфликта интересов.

-Неуважительное отношение или преследование сотрудников или студентов Университета.

6. Порядок рассмотрения случаев нарушения честности

6.1. Случаи подозрения в нарушении академической или профессиональной честности рассматриваются специально созданной

комиссией Университета (например, Комиссией по этике, Комитетом по академической честности).

6.2. Каждое сообщение или подозрение подлежит справедливому и всестороннему расследованию с соблюдением конфиденциальности.

6.3. В процессе расследования обвиняемой стороне предоставляется полная возможность для защиты, представления доказательств и дачи объяснений.

6.4. Решение комиссии выносится в письменной форме, должно быть обоснованным и основываться на доказанных фактах.

6.5. Сторона, не согласная с решением, имеет право на апелляцию в порядке, предусмотренном внутренними правилами Университета.

7. Меры ответственности

7.1. В случае установления факта нарушения требований настоящего Положения, в зависимости от тяжести проступка, последствий и обстоятельств повторности, могут применяться следующие меры ответственности:

Для студентов:

- Устное или письменное замечание/предупреждение;
- Снижение или аннулирование оценки за задание (экзамен, курсовая работа и т.п.);
- Обязательство пересдать курс;
- Установление испытательного срока;
- Лишение стипендии или других льгот;
- Временное отстранение от учебы в Университете (без предоставления академического отпуска);
- Отчисление из Университета.

Для преподавателей

- Устное или письменное замечание/предупреждение;
- Объявление выговора;
- Направление на курсы повышения профессиональной квалификации;
- Отстранение от преподавания определенных дисциплин;
- Освобождение от административной должности (если занимает);
- Расторжение трудового договора (увольнение).

Для администрации и других сотрудников:

- Устное или письменное замечание/предупреждение;
- Объявление выговора;
- Понижение в должности;
- Привлечение к материальной ответственности (если причинен ущерб);
- Расторжение трудового договора (увольнение).

7.2. Применяемые меры ответственности определяются в порядке, предусмотренном внутренними нормативными актами Университета и законодательством Кыргызской Республики.

8. Заключительные положения

8.1. Настоящее Положение вступает в силу со дня его утверждения приказом руководителя Университета.

8.2. Все студенты, преподаватели и сотрудники Университета обязаны ознакомиться с настоящим Положением и соблюдать его требования. Текст Положения размещается на официальном веб-сайте Университета и на информационных стендах.

8.3. Изменения и дополнения в настоящее Положение могут вноситься в установленном в Университета порядке.

Положение было разработано следующей рабочей группой:

1. Зайниев Р.А.- проректор по учебной работе:
2. Амантур уулу Эдилбек- начальник УУ:
3. Дуйшебаева Г.Р.- начальник ДАЛиМКОП:
4. Кыдыкбаева К.С.- главный специалист ДАЛиМКОП: